***Б.А. Малтабаров,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# ЗАМАНБАП КЫРГЫЗСТАНДА ДИНИЙ ИДЕНТҮҮЛҮК

Кыргызстандагы диний идентүүлүк маселеси азыркы учурда пайда болуп жаткан ар түрдүү саясий, экономикалык, социалдык жана руханий чөйрөлөрдөгү иш-чаралар менен байланыштуу. 2005–2010-жылдары болуп өткөн элдик ыңкылаптар социалдык–саясий идентүүлүктөрдүн жоголушу, этно-маданияттын диний идентүүлүктөрүнүн өсүшүнө алып келген. Социологиялык энциклопедиялык сөздүктө баяндалгандай, идентүүлүк өзгөрүп турган мааниге ээ деп белгиленген. Анда идентүүлүктү ар дайым токтобостон өзүнүн "Мен" деген көрүнүшүн издеп жана аны өнүктүрүүгө ар дайым даяр процесс деп түшүндүмө берилет. Социалдык топто идентүүлүктү ар дайым динамикалык өнүгүүгө дуушар болгон, социалдык коомдо группалык мамилелерди идентификациялаган мамилелер менен тыгыз байланышы белгилүү деп сөздүктө аныктама берилет [3,344].

Идентүүлүктүн тутумунда, социалдык–саясий, этникалык идентүүлүк, диний идентүүлүктөн көпкө жайгалышылынган эле эмес, пайда болгон механизми менен дагы айырмаланат. Биринчи мүмкүнчүлүктө аймактык факторлор, экинчиден өзгөрүүгө дуушар болбогон раса жана жыныс, үчүнчүдөн этноконфессиалдуу коомдордун киришине дуушар болгон. Диний идентүүлүк өзүнүн тутумуна бардык тилдерди, улуттарды, чоң мамлекеттерде (саясий, экономикалык, социалдык) тутуму менен кошо камтыйт [4,13].

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын алдында динге байланыштуу көптөгөн чечилбеген маселелер турат. Көбүнчө актуалдуу болуп турган суроо "совет" учурундагы маданияттын азыркы Кыргызстанга тийгизген таасири, башкача айтканда, маданияттын өнүгүшүнө Кыргызстанда диндин тийгизген таасири өтө чоң. Анткени дин эненин сүтү сыяктуу эле, кийинки коомго каалasак да, каалабасак да өтөрү белгилүү. Диндик идентүүлүк кандай болгон күндө да муундан муунга өтө турган көрүнүш, ошондуктан диндик идентүүлүктүн башка идентүүлүктөргө тийгизген таасири Кыргызстандагы жашаган калктан да көз каранды болуп эсептелинет. Кыргызстан көз карандылыкты алганча мамлекеттеги диний мекемелер өздөрүнүн иштерин ачык айкын жүргүзө алышкан эмес. Анткени динди ошол убакта илимге карама-каршы көз карашта деген түшүнүк болгон. Бирок диний тутум башка тутумдарга караганда илимди толуктап турган так тутум болуп эсептелинет. Дин маданиятуу күч менен полиэтникалык мамлекетке консолидациялык жардам берет. Андан тышкары дин ар бир адамга тиешелүү болгон маселелерге дагы кайрыла алат. Дин коомдогу адамдардын укуктарын, кызыкчылыктарын социалдык өнүгүүдө жардам бере алат. Идентүүлүк процесси өзүнүн «Мен» деген тутумунда токтобостон өзгөрүп турат. Ал эми социалдык топтук идентүүлүктүн алдында пайда болгон социалдык капитал болсо жаралгандан баштап эле динамикалык түрдөтоптук мамилелерди идентификациялайт. Диний идентүүлүк өзүнүн курамына мамлекеттеги тилди, расаны, ар кандай саясий өзгөрүүлөрдүн дагы өнүгүшүнө таасирин тийгизе алат [4,12].

Азыркы өнүгүү учурунда социологдордун алдында дин менен социалдык коомдун ортосундагы мамилелерди чечүү маселелери турат. Анткени азыркы көз карандысыз Кыргызстанда базар экономикасынын өнүгүшү менен социо-маданиятка диндин таасири жогорулай баштаган, ал эми мурунку совет доорун учурунда дин таасир бере албай калган. Баса белгилеп кетүүбүз керек, идентүүлүк тутумунда социалдык, саясат, эл аралык тутумдардан гендердик жана рассалык, жарандык, этникалык, диндик идентүүлүктөр бири-биринен өсүү механизими менен айырмаланышат. Биринчиден, рационалдык факторлор, экинчиден өзгөрбөй турган жыныс, раса, үчүнчүдөн тарыхый инерциялык күч чоң роль ойнойт. Ар бир коомдун өкүлдөрү өздөрүн курчап турган социалдык, этникалык, эл аралык жана башка стереотиптерге жайылышууда. Коомдогу идентификациялык процесстерге көптөгөн коомду окуп үйрөнүүчүлөр социалдык-экономикалык, саясий бөлүктөрүн ар кандай катмардагы элдерге тиешелүү деп эсептешет. Бирок кандай болгон күндө да баардык процесстер болуп жаткан саясий, экономикалык, аскердик жана эл аралык иштерге көз каранды болуп эсептелинет. Өзгөрүүлөр ар кандай коомдогу топторго, жеке адамдарга дагы көз каранды [4,12].

Бирок көптөгөн тарыхый убактарга чейин өзгөрбөй турган бир нече баалулуктар бар, бул баалулуктар көп убакыт өтсө дагы, коомдо өз ордун жоготпой өзүнүн идентүүлүгүн жоготпой келет. Буга мисал катары кандайдыр бир этноско тиешелүү болгон коомдук тутумдар кирет. Кыргыз адам өмүр бою кыргыз бойдон калат, капитализм же социализм же болбосо экономикалык жана башка убакыттарда дагы кыргыз адам түбөлүк боюнча кыргыз бойдон калат. Бирок ар бир улут, этнос, тарыхый жана социо-маданияттык багыттар да бир гана өзгөрүп кетиши мүмкүн. Элдер көтөрүлүшкө чыгып, социалдык-саясий идентификация жоголуп, көптөгөн учурларда мамлекетте мобилизация жоголуп, совет бийлиги кулап турган мезгилде этно-маданияттык, диний идентүүлүктор чоңөсүүгө жетишкен. СССР, Югославия, Осмон империясы, Индия жана башка мамлекеттерде адамдар кандай маселе болбосун диний бөлүмдөргөөз кызыкчылыктары менен бөлүнүп кетишкен, ал адам кудайга ишенсе дагы, ишенбесе дагы бул топко кирген [3,13].

Аламдашуу шартында батыштын либералдык-жеке моделдер социалдык-экономикалык жүрүм-турум Кыргызстанда жашаган коптогон адамдар үчүн жашоодогу баалулуктардын талкаланышына алып келген. Бул моделдер ар биринин гана өз жеке кызыкчылыктарын көздөп ушул убакытка чейин келе жаткан ата бабалар мурасын жана баалуулуктарынын сиңип кеткенге аракет кылып келүүдө, ошол жүрүшкө дин каршылыгын көрсөтүп жаны жолдорду сунуштап турат. Ошон үчүн кыргыздардын диний идентүүлүгү социологторго чоң кызыгуу жаратууда.

1991-жылдын башында Кыргызстанда алгач «Ыйман» деген аталыштагы газета чыккан, баардык исламга тиешелүү окуулар, элдерди ислам динине суугара турган аяттар жарыкка чыгып турган. Андан тышкары газетада кыргызча «Исламдын ибадаттары» деген бөлүм болгон, бул бөлүмдө жазылгандардын бардыгын ар бир мусулман аткарууга тийиш болгон., о.э. кыргыз тилинде Мухаммад Алейхи саламдын «Жүз бир хадис» окуусу сандан-санга чыгып турган. 1991-жылы жазында бардык мусулман диниин өкүлдөрүнүн курултайы болгон. Бул курултайдын эң негизги максаты болуп мусулман маданиятын өнүктүрүү, диний китептерди чыгаруу, мечит медреселерди куруу, исламга адамдардын кызыгуусун артыруу болуп эсептелинет [6,1].

1993-жылы Кыргызстанда мусулмандардын казыяты пайда болгон, 5 айдан кийин, 17-сентябрда 1993-жылы Ташкентеги мусулмандарды колдоо кеңешинин жардамы менен Кыргызстанда да кеңеш ачылган, кеңешти муфтий Кимсанбай ажы жетектеген, ал Ливиядагы Ислам институтунда шариат жана анын мыйзамдары боюнча билим алып келген. Бара бара көптөгөн мечиттер курулуп, бүткөндөрү ишке кирип башташкан, ошону менен бирге медресе, институттар да ачыла башташкан. 8-сентябрда 1995-жылы Ош областынан мусулмандардын казыяты иштей баштаган, бир жылдан кийин 26-августа Жалал-Абад облусунун казыяты иштей баштаган. Республиканын түндүк регионунда 16-октябрда 1996-жылы Нарын облусунун казыяты иштеп баштаган. 1995-жылы Борбордук мечит эски мечиттин ордуна тургузулуп иштеп баштаган. Борбордук мечиттин курулушуна финансылык жардамды 1993–1995-жылдары түзүлгөн «Аль Вакф Аль Ислам» фонду жардам көрсөткөн. Ушул эле фонд 1998-жылда Нарын облусундагы курулган мечитке да, азыркы учурда «Чоң-Суу» деген медресеге (Ыссык-Көл обласынын Ысык-Көл районундагы Григоьевка айылы) финансы жактан жардам берүүдө. Ошондой эле «Социалдык рефармалоо коому» жетишпеген, социалдык жардамга муктаж адамдарга жардам берип, Бишкек Ислам институтунун курулушуна да финансылык жардам көрсөтүүдө. Дин маселелери боюнча түзүлгөн мамлекеттик комисссиянын берген маалыматы боюнча Дүйнөлүк мусулмандар лигасы «Рабита» (Сауд Аравия) Ошто курулуп жаткан «Рахматулла Алла» жана «Имам Бухари» мечиттеринин курулушуна финансылык жардам көрсөтүүдө.

Азыркы учурда көбүнчө жаны мечиттер республиканын түштүк аймагында көбүрөөк курулуп жатат, көбүнчө мечиттерди салууда ислам өлкөлөрүнүн өкүлдөрү чоң жардам көрсөтүшүүдө. Азыр республиканын ар бир айылында мечит курулган, ошондуктан жаш кары дебей мечитке барышып сыйынышууда тактап айтканда бардыгы Курандын өзүн жана анда жазылган аяттарды билүүгө аракет жасап жатышат. Ошондой эле диний китептер дагы чоң суроо талапка ээ, ар бир үйдө ислам дининин ыйык китеби Куранды кездештирсек болот.

Кыргызстанда диний майрамдар пайда болуп баштаган, үй-бүлөсү менен чогуу «Орозо айт», «Курман айт» майрамдарын өткөрүп башташкан. Президенттин буйругу менен бул күндөр эс алуу күндөрү болуп эсептелип калган. Азыркы учурда көптөгөн окуучулар медреседен билим алууга барышууда, бул көрүнүштү дин өкүлдөрү элестете алышкан эмес. Күндөн күнгө жаштар арасында дагы ислам институтуна тапшыргандардын саны көбөйүүдө. 1996-жылы Хазрети Умар ислам институтуна окуу үчүн бир орунга 3,5 адам туура келген. Бул институт болгону 2 жыл медресе болуп иштеп анан 1993-жылы институт болуп калган. Бул жакта 5 жылдык окуу мөөнөтү жана ошондой эле институтка чейин даярдоо бөлүмү дагы бар. 1993-жылдын февраль айында Ошто Жогорку Ислам окуу жайы ачылган, Ош мамлекеттик окуу жайында

Турциянын Кыргызстандагы элчилигинин жардамы менен Борбордук Азияда биринчи жолу теология факультети киргизилген, 1–2 курстун студенттери Анкара университетинде бекер билим алышат, билим учун «Дианет» фонду өзүнө алган, ал эми калган курстарын ОшМУнун теология факультетинде Г.24.322 бөлүмүндө уланта алышат. (Билим Берүү Министрлиги берген лицензиянын номери №5/2 7-июль, 1994-жыл). 1993-жылдын 27-июлда Ош областынын Кадамжай районунда Хахрети Али атындагы медресе, Талас областында 3-майда 1995-жылында Кок Токой районунда орто билим алуу үчүн медресе ачылган. 1996-жылы 22-январда Алексеевка айылында Хазрети Осмон атындагы медресе, 1996-жылдын 4-мартында «Төөлөс» атындагы ислам медресеси, ушул эле жылдын 24-майында Кара-Колдо «Жети Суу» атындагы ислам институту, 23-июлда Кызыл-Кыяда «Сырт билим» медресеси, 2 жылдан кийин Токмок шаарында 1998-жылдын 20-августунда «Лукман-аль Хаким» атындагы Токмок ислам институту ачылган, башчысы Лунгмар-ажи болгон .

1990-жылда республикада мечиттердин саны аябай өсө баштаган, Мамлекетик коммисиянын билдирүүсү боюнча мечиттерге «Ашар» биримдиги финансылык жардам көрсөткөндүгүн айтышкан. Ошондой эле Голландиядагы «Аль Вакф Аль Ислам» борбору дагы финансы жактан жардам көрсөтүшкөн. Андан тышкары Кувейтте жайгашкан «Социалдык реформа бирикмеси» дагы кандайдыр бир финансылык жардамын көрсөтүүдө. Кыргызстандын аймагында 7 ислам институту иштейт. 1993-жылдан бери Ош мамлекеттик институтунда теология факультети иштейт, факультетте 170 студент билим алат, бул факультетти «Дианет Вакфы» фонду финансы жактан каржылайт. Ал эми дин таануучуларын болсо Кыргыз Улуттук Университетинде, Кыргыз Орус Славян Университетинде, жана ошондой эле «Дин тануу» факультетине 2009–2010-окуу жылдарында Бишкек гуманитардык университети дагы студенттерди кабыл алган [1,1].

Ал эми Кыргыз-Түрк «Манас» Университетинде Теология бөлүмү 2012-жылы ачылган. Азыр бул адистик боюнча алды 4-курска жетип калышты, быйыл 2015-жылы Алгачкы бүтүрүүчүлөрдү чыгарышты.

1993-жылы Кыргызстандагы мусулмандардын башкаруучусу Муфтиятты шайлашкан. 1996-жылы бул кеңештин курамына 25 адам кирип, алардын курамында 9 казыят бар, алардын ичинен 7 облустук казыят, 2 казыят Бишкекте жана Ошто жайгашкан. 1991-жылы республикада мечиттердин саны 39га болсо, 2010-жылы мечиттердин саны 1649га жеткен. Азыркы учурда бул тутумдун өзүнүн курамына 2000 жакын исламдык бирикмени, 9 жогорку диний окуу жайын, 50 медресе, 47 фондту, ислам бирикмелерин, андан сырткары 3 чет мамлекеттик конфециянын камтыйт [7].


Православие Кыргызстанда исламдан кийинки эле дин болуп эсептелинет. Православиянын ыйык китеби болуп Библия эсептелинет. Православия миндеген жылдардан бери орус маданиятына, славян элдеринин менталитетинин, үй-бүлөлүк жана мамлекеттик принциптеринин өнүгүшүн камсыздап келген. Республиканын аймагында православия динин туткандардын саны 100мин адамга жеткен башкача айтканда калктын 8%ы көбүнчө украин элдери, орустар жана беларус элдери болгон. Христиан элдери Орус Епархиясына баш ийишкен. Епархиянын курамында 39 чиркөө, 1 аялдардын сыйынуучу жайы кирген. Христиан дининин православие багытынын өкүлдөрүнүн сыйынуучу жайлары Кыргызстандын бир гана Нарын облусунда жок, ал эми башка аймактарында кенири таркаган. Христиан дининин правовлавие багыты 130 жылдан бери республиканын аймагында бар жана азыркы убакта Бишкек шаарында 1, Джал-Абадта 4, Ыссык-Көлдө 11, Ош областында 4, Талас областында 3, Чүй областында 20 диний мекемелер бар. Кара-Балта шаарында жана Чүй областында аялдардын монастыры бар. Диндин ички жана тышкы көрүнүштөрү теологиялык түшүндүрүү боюнча кудайдын продуктусу болуп эсептелинет. Социологиялык талдоонун негизинде коом менен диндин ортосундагы түшүнүктү 2 бөлүктө болуу менен түшүндүрсөк болот: дихомотикалык жана имманенто-трансцендентик. Диний ойчулдар социологиялык проблемаларды, теологиянын социологгторго тийгизген таасирин азыркы убакта талдап жатышат. Социологиялык окуулар өздөрүнүн фундаменталдуу принциптерин иштеп чыгышууда, Динди изилдөө менен социолог адамга тиешелүү болгон, илимий социологиялык позицияларды изилдеп, диний түшүнүктү теология илиминин жардамы менен талдап чыгуу керек. Тактап айтканда социологиялык талдоонун негизинде, Кыргызстандагы диний абал төмөндөгүчө: кыргызстандыктардын христиан дининин православие багытындагылар 8%, алардын көбүнчөсү орустар, беларустар жана украин элдери түзөт. Булар 2015-жылы Орто Азиядагы өздөрүнүн сыйынуучу жайынын 165 жылдыгын белгилешкен. Бул христиан дининин өкүлдөрү активдүүлүгү жагынан ислам дининин жактточуларынан дагы алдыда турушат. Өздүрүнөн динин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзам актыларына жана эл аралык актыларга дагы киргизип коюшкан.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда христиандын протестантизм багытынын 11 түрү бар, алар негизки ислам дини жана православие багытына караганда, республиканын аймагында тез өнүгүүдө. Алардын бири баптистер XVII кылымдан бери пайда болгон. Кыргызстанда баптистердин союзу дагы бар, баптистердин саны республика боюнча 2000 ден ашык, азыркы убакта 35 филиалы, Бишкекте 4, Чүйдө 17, Ыссык-Көлдө 5, Талас облусунда жана Жалал-Абад облусунда, Баткенде 3, Нарын менен Ош облусунда 1ден филиалдары бар. Христиан дининин өкүлдөрүнүн бирикмеси Кыргызстанда 19 диний объекттерди камтыйт. Жалал-Абад облусунда 3, Ыссык-Көл облусунда 2, Ош облусунда 2, Талас,Чүй, областарында 1ден сыйынуучу жайлары бар. Жана ошондой эле төмөндөгүдөй окуу жайлары бар: 1) Христиан жардам беру фонду «Ырайым»;2) Жардам берүү миссиясы «Благая весть»; 3) Миссиялык коом «Звезда Надежды»; 4) Христиан мектеби «Ак-Бата»; 5) Евангельдик Библиялык колледж «Шелковый путь» [7].

Баптистер өздөрүнүн динин ар бир үйлөргө, квартираларга барышып өздөрүнүн китептерин, журналдарын таркатышат жана ошондой эле аялдамалардан, эл чогулган жерлерге барышып активдүүөздөрүнүн динин таркатып жатышат. Азыркы учурда официалдуу түрдөкаттоодон 36 уюм өткөн. Кыргызстанда 40 чогулуш өтүү залы, 6 зал ижарага алынып иштөөдө. Чогулуш залдары Бишкекте 16, Ыссык-Көлдө 4, Чүйдө 17, Нарында, Таласта 1ден жайгашкан. 2003-жылы чогулуш залына 9000 адам барса, 550 адам баптистерге кирген. Баптистердин бирикмеси республикада 17 сыйынуучу жайлары бар, Бишкекте 1, Чүйдө 12, Жалал-Абадта, Ыссык-Көлдө, Ошто жана Таласта 1ден жайгашкан. Сыйынуучу жай «Конкордияда»20га жакын адамдар эмгектенет. Кыргызстандын аймагында каттоодон төмөндөгүдөй протестантизмге тиешелүү диний бирикмелер өткөн:1) Христиан Чиркөөсү «Слово жизни»; 2) ЕХЦ «Сокулук»;3) Христиан пресвитериан Церкови «Сын дон»; 4) ЕХПЦ «Соман»; 5) Эл аралык диний миссия ЕХЦ «центральная»; 6) Христиан Бишкек чиркөөсү «Бог-Ым-Благая Весть»;7) Евангельский Христианский Борбору «Благодать», булардан башка дагы 3 объектиси, 1 борбору, 1 Церкову, 1 жардам беру фонду; 8) «Возрождение» чиркөөсү; 9) Евенгалия Христиан чиркөөсү «Сун-Богым»; 10) «Силоам» фонду; 11) «Ире» иркөөсү; 12) Церковь «Еммануил»; 13) Түштүк чиркөөсү. Кыргызстандын аймагында төмөндөгүдөй протестантизмге тиешелүү диний харизматикалык уюмдар иштейт. «Исус Христостун чиркөөсү», республикада 18 филиалы. Каттоодонөткөн протестантизмге тиешелүү диний фондтору, борборлору жана бирикмелери төмөнкүлөр: 1) Христиан борбору «Агапе»; 2) Жардам берүү фонду «АДРА»;3) АСТ (Голландиялык жардам берүү фонду) [7].


Католицизм-христиандардын түндүктөгү бир бөлүгү болуп эсептелинет. Католиктер Кыргызстанда каттоодон 1969-жылы өткөн. Католиктер республикада 7 сыйынуучу жайлары бар жана 600–700 адам кирет. Католиктер азыркы учрда өздөрүнүн диний иш аракеттерин көбүнчө Бишкек шаарында жүргүзүшөт. 1990-жылдан баштап Кыргызстанда Кришна дининин өкүлдөрү пайда боло баштаган. Көбүнчө бул диндин жактоочулары ар түрдүү элдердин жаш адамдары кирген. 2000-жылдын башында Кришнанын 2 борбору, 300 адамы менен иш чараларды жүргүзүшчү. Бахаистер бирикмесинин Кыргызстанда 13 чогулуш борбору бар. Алардын 2-сү Бишкекте, Чүйдө 3, Жалал-Абад, Ыссык-Көл, Ошто 2ден, Нарын менен Таласта 1ден жайгашкан. Кыргызстандын аймагында легалдуу эмес дагы диний топтор абдан коп. Алар 1) «Сан Мьян Муна» чиркөөсү, мыйзамнегизинде иш алып барбайт, каттоодон өткөн бирикмелердин атын жамынып иш алып барат 2) «Белое Братсво» бирикмеси республикада мыйзамсыз эле өз ишин жүргүзүп келет 3) «Хизб-ут Тахрир аль Ислам» партиясы бир гана Кыргызстанда эмес көптөгөн Азия өлкөлөрүндө мыйзамсыз иш алып барат [7]. Бул статистикалык талдоону тастыкташ үчүн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин социология бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстандагы Социологиялык Ассоциясынын президентинин, социологиянын профессору К. Исаевдин жеке демилгеси менен жана университеттин колдоосу аркылуу 2014-жылы Кыргызстандагы диний идентүүлүктү аныктоо үчүн “Кыргыз Республикасында жалпы жарандык идентүүлүк маселеси: социологиялык талдоо” деген темада социологиялык изилдөө өткөргөн. Бул изилдөөдө жалпы республикалык тандама боюнча 2000 респондент сурамжылоого катышкан. Социологдор дин деген түшүнүккө адамдардын жүрүм турумун жана реалдуу аң сезимин камтышат. Кыргызстандын социологдору жооптордун негизинде респондентердин категориясын белгилешкен, алар биринчисине, жогорку топ б.а. бул топко диндик эрежелерди толук аткарган адамдар, экинчисине, орто бул топко орточо деңгээлде эрежелерди аткарган адамдар, үчүнчүсүндө, диний активдүүлүгү төмөн жана түртүнчүсүнө эң төмөн, эч кандай диний эрежелерди аткарбаган адамдарды киргизишкен. Сурамжылоодо катышкан респонденттерге **“Сиз өзүңүздү Кудайга ишенген адам деп эсептейсизби?”** деген суроо берилген: Бул суроого 96,6% респондент “ооба” Кудайга ишенген адам деп эсептейбиз деп жооп беришкен. Бул суроого жок, Кудайга ишенген адам деп эсептебейбиз деп 1,8% респонденттер жооп узатышкан. Атеистмин деп 0,8% жана 0,8% респондентертер бул суроого жооп бере албайм дешкен (1-диаграмманы караңыз).

**1-диаграмма.**



Респондентердин диний багытын билиш үчүн төмөнкү суроону бердик: "Сиз өзүңүздү кайсы динге же диний ишенимге таандык деп эсептейсиз?" Бул суроого 90,3% респондентер ислам динине таандык деп жооп беришкен. Православие дини Кыргызстанда экинчи дин катары иш алып барат, биздин социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 6,4% респондентер бул динге таандыкпыз деген жооп алганбыз. Биздин изилдөөдө 0,6% респондентер теңирдик ишенимине жана 0,2% протестанттарга таандыкпыз деп жоопторун узатышкан. Башка диний ишенимине таандыкбыз деп 0,5% жана 0,6% респондентер бул суроого такыр жооп бере алаган жок (2-диаграмманы караңыз).

**2-диаграмма.**




Бул изилдөөдө 46,0% эркек жана 44,2% аял респондентер ислам динине таандык деп жооп беришкен. Бул сурамжылоодо 2,8% эркек жана 3,6% аял респондентер өздөрүн православие динине таандыкбыз деп жооп беришкен. Протестант, тенирлик ишеними жана башка диндерге ар бири 2% таандыкбыз деп жооп узатышкан. Ал эми аял респондентер болсо 0,1% протестант, 0,4% тенирлик ишеними жана 0,3% башка диндерге таандык экенин изилдөө көрсөтүп турат. Эч бир динге таандык эмесмин деп 0,6% эркек жана 0,7% аял респондент-тер жооп беришкен (1-таблицаны караңыз)

**1-таблица.**

**Сиз өзүңүздү кайсы динге же диний ишенимге таандык деп эсептейсиз?**

| № | Жооптор | Жооп жок | Ислам | Право славие | Протес-тантизм | Теңирлик ишеними | Эч бир динге таандык эмесмин | Башка | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Эркек | 0,2% | 46,0% | 2,8% | 0,2% | 0,2% | 0,6% | 0,2% | 50,2% |
| 2. | Аял | 0,4% | 44,2% | 3,6% | 0,1% | 0,4% | 0,7% | 0,3% | 49,8% |
| 3. | **Бардыгы** | **0,6%** | **90,3%** | **6,4%** | **0,2%** | **0,6%** | **1,3%** | **0,5%** | **100,0%** |

Динге жынысы жана улуту боюнча таандык экенин аныктагандан кийин, респондентерге төмөнкү суроого бердик: «Эмне себептен Сиз өзүңүздү бул динге таандык деп эсептейсиз?». Бул суроого жооптор төмөнкүдөй болду. Бул эң туура дин деп 42,8%, Ата-энем ушул динди тутунгандыктан деп 22,8% жана бул менин улутумдун тандоосу деп 18,9% респондентер жооп беришкен. Бул менин жеке тандоом деп 13,4% суралгандар бул суроого жооп беришкен. Эч бир динге таандык эмесмин деп 1,3% жана 0,3% респондентер бул суроого жооп бере алган жок (2-таблицаны караңыз)

**2-таблица.**

**Эмне себептен Сиз өзүңүздү бул динге таандык деп эсептейсиз?**


| № | Жооптор | Жооп берген респонденттердин саны | Процент менен |
|---|---|---|---|
| 1. | Жооп жок | 6,0 | 0,3 |
| 2. | Ата-энем ушул динди тутунгандыктан | 456 | 22,8 |
| 3. | Бул менин жеке тандоом | 267 | 13,4 |
| 4. | Бул менин улутумдун дини | 378 | 18,9 |
| 5. | Бул эн туура дин | 857 | 42,8 |
| 6. | Эч бир динге таандык эмесмин | 26 | 1,3 |
| 7. | Башка | 10 | 0,5 |
| **8.** | **Бардыгы** | **2000** | **100** |

Респондентердин динчилдиги жогору болгондуктан, диний эрежелерди канча дэңгээлде аткарарын билиш үчүн төмөнкү суроону бердик: "**Мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүно ж.б. барып турасызбы?**". Социологиялык изилдөөнүн негизинде диний мекемелерди такай (күнүгө) барам деп 7,8% респондентер жооп беришти. Жумасына 1 жолу 23,1%, айына бир жолу 5,4% жана кэзде гана (жылына 1-2 жолу) ар бир

5-чи (22.4%) респондентер бул суроого жооп беришкен. Бул динчилдиктин дэңгээлин билдирет. Бирок, биздин суроого 40,8% респондентер мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүнө ж.б. барбайбыз деп жооп берген. Бул суроого 0,6% респонденттер такыр жооп беришкен жок (3-диаграмманы караңыз). Респондентердин кыргыз улуту жана башка этностор боюнча канчалык дэңгээлде мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүнө ж.б. барып турганын аныктадык. Изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнү диаграммада берилди.


**3-диаграмма.**

**Мечитке, чиркөөгө, сыйынуу үйүнө ж.б. барып турасызбы?**




Респондентер кыргыз улуту боюнча такай 4,3% жана жумасуна бир жолу 17,4% мечитке барып турушат экен. Айына бир жолу деп 3,9% жана жылына 1–2 жолу гана барам деп (15%) кыргыз улутундагы респондерттер жооп беришти. Ар бир үчүнчү респондент (31,0%) такыр барбайм деп жана 0,4% суралган кыргыз улутундагы респондентер бул суроого жооп берген жок. Бул суроого 1,9% орус этносундагы респондет чиркөөгө, сыйынуу үйүнө барбайм жеп жооп беришкен. Такай күнүгө 0,2%, жумасына бир жолу 0,8%, айына бир жолу 0,6% жана жылына 1-2 жолу 3,8% орус этносундагы респондентер бул суроого ушундай жооп беришкен. Өзбек этносундагы респондентер күнүгө 2,6%, жумасуна бир жолу 3,0%, айына бир жолу 0,6% жана жылына 1-2 жолу 1,2% суралгандар бул суроого жооп беришти. Мечитке, сыйынуу үйүнө барбайм деп ар бир 20-өзбек этносундагы респондертер жооп беришкен (4-диаграмманы караңыз).

**4-диаграмма.**




Жалпылап айтканда, дин, анын ичинен ислам кылымдар бери эненин суту менен синипкеле жаткан процесс. Бул процесс биздин социологиялык изидөөнү жыйынтыгында да Кудайга ишенген адамдар эң жогору болду. Анын ичинен бул изилдоо теңирдик ишенимине таандыктар дагы аныкталды. Үй-бүлө социалдык институт катары диний социалдашууда ата-энесинин туткан дини чон таасир берерин жана диний идентешууну калыптанышына чоң экенин ар бир бешинчи суралгандар пирики боюнча бул изилдоо аныкталды. Кыргыз уулуту жана башка этностордун диний идентүүлүккө ар бир бешинчи суралгандардын пикири боюнча таасирин бар экени тастыкталды. Бул сурамжылоодон кийин Кыргызстанда дин жарандык сезимдердин калыптанышына таасири чоң экен жана жарым жартылай экен деп ар бир үчүнчү респондентердин пикирлери боюнча жыйынтыктап айтсак болот.

***Адабияттар***

1. Бакытбек Амир Малтабаров. Социология религии. – Б.: Техник, 2010. – С. 220.
2. Горшков М.К., Тихонова Н.Е. Российская идентичность в условиях трансформации: Опыт социологического анализа. – М.: Наука, 2005. – 396 с.
3. Мчедлов, М.П. Религия в самосознании народа. – М., 2008. – 415 с.
4. Социология: Энциклопедия / Сост. А. А. Грицанов, В. Л. Абущенко, Г. М. Евелькин, Г. Н. Соколова, О. В. Терещенко – Мн.: Книжный Дом, 2003. – 1012 с.
5. Филатова С. Социология религии. – СПб, 2000.
6. Ыйман. – 1991. - №1. – С. 1.
7. www.http://religion.gov.kg/ru/relgion_union.html